Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24. 700 диссертациялык кеңеши Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын "Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси" деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган кандидаттык диссертациясына бекиткен эксперттердин баштапкы документтерди текшерүү

# АКТЫСЫ

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24. 700 диссертациялык кеңеши бекиткен эксперттер - филология илимдеринин доктору, доцент А. Т. Дунканаев, филология илимдеринин доктору, профессор Б. Сагынбаева жана филология илимдеринин кандидаты, доц.м.а. Жумагул кызы Айнура аспирант Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын "Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси" деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган кандидаттык диссертациясынын төмөнкү баштапкы документтерин текшерүүдөн өткөрүштү:

1) кандидаттык диссертациянын киришүү, үч бап, корутунду, колдонулган адабияттардан турган кол жазмасын;

2) кыргыз жана орус тилдериндеги авторефераттардын кол жазмаларын;

3) диссертацияда колдонулган 193 адабиятты, 8 интернет булагын;

4) изилдөөнүн материалдары жана булактары катары жалпы риториканын теориялык жана практикалык маселелери, атап айтканда, жалпы жана жеке риторика, риторикалык жанр түшүнүгү, прецеденттүүлүк кубулушунун риторикадагы ролу өңдүү өзөктүү маселелер изилдөө ишиндеги башкы максатка ылайык тандалып алынган. Мындан тышкары изилдөөнүн материалдары катары ар кандай турмуштук кырдаалдардагы кептик жүрүм-турумдун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү жана кептин таасирин арттыруу үчүн аларды колдонуунун практикалык мүмкүнчүлүктөрү, көндүмдөрү, кара риторикада ойду далилдөөдө, экинчи тарапты ынандырууда же кайым айтышууда каршылаш тарапка карата софизмдердин, вербалдык манипуляциялардын ар кандай түрлөрүнүн колдонулушуна байланыштуу көркөм жана медиатексттерден алынган тилдик иллюстрацияларды;

5) Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган 15 илимий макаласын,

анын ичинде Кыргыз Республикасынын аймагынан сырткары индекстелген системага кирген (РИНЦ) басылмаларга - 2 макаласын; КР УАКтын рецензияланган илимий мезгилдүү басылмаларынын тизмесине киргизилген – 13 макаласын;

6) Изилдөөнүн негизги жоболору жана андан алынган натыйжалар боюнча республикалык, регионалдык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда апробациядан өткөн баяндамаларынын кол жазмаларын.

Эксперттик курамдын баштапкы документтерди текшерүүдөн өткөргөндөн кийинки

## КОРУТУНДУСУ

Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын “Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси” деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган кандидаттык диссертациясынын баштапкы документтерин текшерүүнүн жыйынтыгы диссертациялык изилдөө изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан аткарылгандыгын көрсөттү. Баштапкы документтердеги маалыматтар диссертациянын максат, милдеттери менен шайкеш келет.

Ф.и.д., доцент А. Т. Дунканаев

Ф.и.д., профессор Б. Сагынбаева

Ф.и.к., доц.м.а. Жумагул кызы Айнура

*Диссертациялык кеңештин эксперттеринин колун тастыктайм*:

Окумуштуу катчы С. К. Каратаева

*Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысынын колун тастыктайм:*

КБнын башчысы А. Жайнакова